4.3. Өзүнүн ишине баа берүүнү камтыган арыздар жана башка документтер менен таанышуу жана аларга түшүндүрмө берүү;
4.4. Кесиптик этиканын ченемдерин бузуу менен байланыштуу болгон тартиптик же кызматтык тергөө учурунда өз алдынча же өкүл, адвокат аркылуу кызыкчылыктарын коргоо;
4.5. Мыйзам тарабынан каралган тышкаркы учурларды тартиптик (кызматтык) тергөөлөрдүн жашыруун болушу;
4.6. Социалдык-педагогикалык иштердин ыкма жана усулдарын эркин тандоо жана колдонуу;
4.7. Кесиптик жоопкерчиликтерди ийгиликтүү аткаруу максатында шарттарды түзүүнү билим берүү мекемесинин башчысынан талап кылуу;
4.8. Кесиптик ишине байланыштуу тармакта маселе тууралуу мамлекеттик органдарына маалымат берүү

**V.Жоопкерчилик**

5.1. *Кыргыз Республикасынын мыйзамы тарабынан аныкталган тартипте социалдык педагог төмөнкүлөргө жоопкерчилик тартат:*

- Жашыруунун талап кылган маалыматты жайылтуу;
- Социалдык-педагогикалык иш чараларды жүргүзүүдө тарбияленуучулардын өмүрү, ден соолугу, укук бузуулары жана эркиндигине;
- Тарбияланычууга карата физикалык жана (же) психологиялык зомбулук көрсөтүү жана ошондой эле башка аморалдык иш-аракет жасоосдон улам Кыргыз Республиканын «Билим берүү жөнүндө» мыйзамы жана эмгек мыйзамына ылайык жумуштан бошотулат.

**VI. Кызмат боюнча байланыштар**

Профессионалдык максаттарга жетүү үчүн социалдык педагог:

- 16 жашка чейин бүтүрүүчүлөрдүн жана окуучулардын кызыкчылыктарын коргоо максатында мамлекеттик органдарынын, коомдук уюмдарынын жана башка уюмдарынын өкүлдөрү менен мамиле түзөт;
- билим берүү мекеменин педагогикалык кеңешинин иш-аракетине катышат;
- билим берүү маршрутун аныктоо үчүн ден-соолук мүмкүнчүлүктөрү чектелген балдар жана анын ата-энесине психологиялык-медикалык-педагогикалык консультацияны алууга көмөк көрсөтөт;
- жергиликтүү бийлик (айылдык кеңеш, мэрия) жана мамлекеттик органдары байланыш түзөт;
- социалдык педагог Жашы жете электердин иштери боюнча инспекциясы, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, социалдык коргоо, социалдык маселелери бобнча комиссиялар, аксакалдар соту менен тыгыз байланыш түзөт.